| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин<br>VIII чакырылышынын II кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

2024-жылдын 18-декабры №13 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн теңдештирүүчү грантына өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн теңдештирүүчү грантына өзгөртүү киргизүү жөнүндө Ак-Терек айыл өкмөтүнүн экономикиык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы К.М.Абдыраевдин билдирүүсүн угуп, талкуулап, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кенеши **токтом кылат:**

1. Аппаратын кызматкерлеринин эмгек акысынан социалдык фондуга которуусунан 2121 беренесинен 100,0 миң сом жарандарга өзгөчө кырдаал учурунда кийгенге форма алып берүү үчүн аппараттын 2223 беренесине жылдырылсын.

2. Аппараттын ар кандай чыгымдар үчүн теңдештирүүчү гранттан 2215 беренесине каралган акча каражатынан 300,0 миң сом азайтылып, клубдардын 2222 беренсине 100,0 миң сом, ЖКХнын 2222 беренесине 200 миң сом жылдырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн социалдык экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевга милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Ормуковага тапшырылсын.

**Төрага** **Эркинбек уулу С.**